12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча **«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери»** аттуу темадагы юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунушталган **Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин** диссертациясы боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин эксперти **юридика илимдеринин доктору, доцент Джумалиев Данияр Сардарбековичтин**

# КОРУТУНДУСУ

Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин диссертациясын карап чыгып, Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү төмөнкүдөй тыянактарга келген:

**1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.**

Алимбеков Алмаз Акматалиевич сунуштаган «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө болгон диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине туура келет. Диссертациялык иш 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортунун 1.3, 1.4, жана 1.17 пункттарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомунун 2-тиркемеси) дал келет. Диссертацияда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине изилдөө жүргүзүлөт. Конституция талдоого алынган.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана маселелери.** **Иштин максаты катары** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерине байланышкан маселелерди комплекстүү изилдөө жана чек ара мыйзамдарын жакшыртуу боюнча илимий негиздүү сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1) мамлекеттик чек ара концепциясынын укуктук табиятына жана маңызына аныктама берүү жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча айрым түшүнүктөрдүн аныктамаларын толуктоо;

2) Кыргыз Республикасында улуттук коопсуздукту, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча усулдарды талдоо;

3) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумунун жана бул тутумдагы укуктук камсыздоонун ордун белгилөө жана талдоо;

4) ченемдик-укуктук актыларда иштелип чыккан жана колдонуудагы чек ара коопсуздугун камсыздоонун концептуалдык түшүнүктөрүн талдоо жана аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

5) Чек ара коопсуздугун камсыздоонун эл аралык укуктук базасын изилдөө жана аларды өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктоо;

6) азыркы шарттарда Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоо боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын ишинин негизги багыттарын аныктоо;

7) мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик чек ара саясатынын негизги багыттарын ишке ашырууда өз ара аракеттенүүсүн изилдөө;

8) Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоону жакшыртуу боюнча илимий негиздүү тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Белгиленген милдеттерге жетүү аркылуу диссертациялык изилдөөдө коюлган максат толук көлөмдө аткарылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп** Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоону конституциялык-укуктук жөнгө салууга байланышкан коомдук мамилелер саналат. Изилдөөнүн объектиси анын максатына жана милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөөнүн предмети болуп** Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салган ченемдик-укуктук актылар саналат. Изилдөөнүн предмети диссертациянын милдеттерине ылайык келет.

**Изилдөө усулдарынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Диссертант изилдөөсүндө төмөнкү усулдарды колдонгон: диалектиканын классикалык ыкмалары: материалисттик диалектика, субъективдүү идеализм; жалпы ыкмалар: жалпылаштыруу, салыштыруу, байкоо, модельдештирүү; жалпы илимий ыкмалар: анализ, синтез, логикалык, индукция, дедукция, системалык, функционалдык; жеке илимий ыкмалар: тарыхый анализ, эмпирикалык, аксиологиялык, маданият таануу, социологиялык; атайын-юридикалык ыкмалар: салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык. Изденүүчү колдонгон усулдар коюлган маселелерге туура келет жана 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча изилдөөлөргө карата коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** мамлекеттин көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана аймактык бүтүндүгү, мамлекеттик бийлик органдардын жигердүү иштеши мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендиги талашсыз. Мамлекеттик чек аранын пайда болуу жана өнүгүү тарыхы Кыргыз Республикасынын тарыхы менен тыгыз байланышта. Бүгүнкү күндө кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү менен мамлекеттик чек араны коргоо, анын коопсуздугун камсыз кылуу маселелери Кыргыз Республикасы үчүн абдан маанилүү болуп калды.

Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу жалпы улуттук коопсуздукту камсыз кылуудан түздөн түз көз каранды жана мамлекеттик чек араны коргоо жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу максатында стратегиялык өнүгүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл.

Мамлекеттин көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана өнүгүүсү, мамлекеттик бийлик органдардын жигердүү иштеши мамлекеттик чек аранын коопсуздук деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендигин белгилесек болот. Каралып жаткан диссертациялык изилдөөнүн темасына чектеш темалар боюнча буга чейин дагы ата-мекендик окумуштуулар тарабынан бир катар изилдөө иштери жүргүзүлгөн жана аларда кыргыз мамлекетинин чек ара маселелери каралган. Бирок, изденүүчү А.А.Алимбековдун диссертациялык изилдөөсү өлкөдөгү чек ара маселелери боюнча ушул убакка чейин топтолгон жалпы тажрыйбаны жана өзгөргөн саясий-укуктук кырдаалды эске алуу менен мамлекеттик тилде жүргүзүлгөн алгачкы илимий иш болгондугу менен айырмаланат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убактысында жүргүзүлгөн деп корутундулоого болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Эмгекте юридика илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ боло турган төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

**Натыйжа 1.**

Диссертациялык иштин максатын ачып берүү үчүн биринчи милдетке мамлекеттик чек ара түшүнүгүн талдоо деп белгилеп, бир катар окумуштуулардын теориялык көз караштарына, мыйзамдардагы жоболорго терең талдоо жүргүзүү менен автордук аныктама иштелип чыккан. Мамлекеттик чек аранын түрлөрүн аныктап, терс жана оң жактарын талкуулап мыйзамдык базасын, уюштуруу принциптерине токтолгон.

**Натыйжа 2.**

Изденүүчү чек ара коопсуздугунун конституциялык-укуктук негиздерине кылдат талдоо жүргүзүү менен чек ара коопсуздугу түшүнүгүнө жеке аныктамасын сунуштаган. Чек ара коопсуздугу түшүнүгүн аныктоо менен автор чек ара коопсуздугун камсыздоонун маанилүүлүгүн белгилеп изилдөөнүн багыты боюнча мыйзамдарда каралган чек ара мамилелердин өзгөчөлүгүн талдап көрсөтүп жаңы түшүнүктөрдү аныктаган.

**Натыйжа 3.**

Изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан теориялык көз караштарды, ченемдик-укуктук актыларды кылдат талдоонун натыйжасында чек ара коопсуздугунун укуктук камсыздоо концепциясына төмөнкүдөй аныктама иштелип чыккан. «Чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо – бул мамлекеттик чек арада коомдук мамилелерди жөнгө салууда бирдиктүү тартипти түзүү, ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу, өзгөртүү же толуктоо жана алардын аракеттеринин чектерин аныктоо аркылуу ыйгарым

укуктуу мамлекеттик органдардын компетенциясын түзүү жана бекитүү саналат».

**Натыйжа 4.**

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө мамлекеттик чек арада коопсуздукту камсыздоону натыйжалуу жүргүзүү жана укуктук тутумун түзүүнүн зарылчылыгы жөнүндө автордун илимий негиздүү корутундусу негизделет. Натыйжада, диссертант тарабынан «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу жөнүндө» концепциясын иштеп чыгуу жана кабыл алуу негизделген.

**Натыйжа 5.**

Мамлекеттик чек араны коргоо жаатындагы чек ара кызматынын компетенциясы татаал укуктук көрүнүш, ал милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча чек ара кызматына берилген мыйзам менен бекитилген ыйгарым укуктардын жыйындысы болуп саналат. Дисертант тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын улуттук коопсуздук, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумундагы орду аныкталган. Диссертант Чек ара кызматын өз алдынча аткаруу бийлиги органы катары кайрадан түзүү сунушталган жана чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн тиешелүү укуктар жана милдеттер берилүүсү керек экендиги негизделген.

**Натыйжа 6.**

Өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун бирдиктүү жалпы улуттук тутумунун алкагында бардык кызыкдар министрликтердин жана ведомстволордун күч-аракетин бириктирүү маселеси турат. Диссертант диссертациялык иште чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарына, милдеттерине терең талдоо жүргүзгөн жана алардын чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ыйгарым укуктарын жакшыртуу максатында бир катар сунуштарды иштеп чыккан.

**Натыйжа 7.**

Автор чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздеринин укуктук базасын өркүндөтүү механизмдерин талдаган. Буга ылайык, диссертант тарабынан чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагын мындан ары жакшыртуу үчүн төмөнкүдөй мыйзам актыларынын долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу зарылчылыгы негизделген.

1. Чек ара коопсуздугун жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүүнүн негизги максаты мамлекеттик чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыз кылуу. Ал үчүн, автор тарабынан «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын макамы жөнүндө» жаңы мыйзамдын долбоорун иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталат.

2. Чек ара коопсуздугун камсыздоонун аскердик-күч фактору чечүүчү мааниге ээ болгондугуна карабастан, чек ара аймагында улуттук

коопсуздукка коркунуч жараткан аскердик эмес факторлор барган сайын маанилүү роль ойноп жаткандыгына байланыштуу мамлекеттик чек араны ыкчам-иликтөө ыкмалары менен коргоо зарыл. Автор тарабынан, Чек ара кызматынын ишин жакшыртуу жана укуктук статусун, ошондой эле чек ара кызматкерлерин укуктук жана социалдык жактан коргоо принциптерин так аныктоо максатында «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталат.

3. Автор Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун өркүндөтүү үчүн «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу концепсиясы» иштеп чыгууну жана кабыл алууну сунуштайт.

**3.1. Алынган натыйжалардын азыркы илимдин алкагында илимий жаңылыгы бар** жана алар төмөнкүлөрдө камтылат:

**Натыйжа 1.**

Жаңы, автор тарабынан мамлекеттик чек ара түшүнүгүн толук кандуу ачып берип, анын түпкү маңызын, максаттарын, милдеттерин өзгөчөлүктөрүн аныктап бере алган. Изилдөөнүн жүрүшүндө анык болгон чек ара коопсуздугун камсыздоого карата коюлган бардык негизги талаптарга жооп берген аныктама иштелип чыкты.

**Натыйжа 2.**

Жаңы, изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугунун түшүнүгү, укуктук өзгөчөлүктөрү, чек ара коопсуздугун камсыздоонун маанилүүлүгү белгиленип, илимий негиздүү автордук аныктама сунушталган.

**Натыйжа 3.**

Жаңы болуп саналат, анткени автор чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо концепциясын дыкат изилдөө менен автордук аныктамасын илимий негиздеп берген.

**Натыйжа 4.**

Жаңы, анткени изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугун камсыздоону жакшыртуу максатында «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу жөнүндө» концепциясын кабыл алуу сунушу киргизилген жана зарылдыгы илимий негизделген.

**Натыйжа 5.**

Жаңы, себеби автор тарабынан юридикалык адабияттарды жана мыйзамдарды изилдөөнүн жана талдоонун негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын улуттук коопсуздук, анын ичинде чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумундагы орду аныкталган. Автор тарабынан Чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн тиешелүү укуктардын жана милдеттердин берилүүсү боюнча илимий негиздүү жаңы сунуштар иштелип чыккан.

**Натыйжа 6.**

Жаңы, автор изилдөөдө чек ара коопсуздугун камсыздоо

тармагындагы мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн санариптик трансформациялоо ишин күчөтүүнүн маанилүүлүгү аныктаган жана анын жаңы багыттарын белгилеген.

**Натыйжа 7.**

Автор тарабынан чек ара коопсуздугун камсыз кылган мыйзамдарды жакшыртуу максатында бир катар илимий негиздүү сунуштар иштелип чыккан.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

Диссертациялык изилдөөдө келтирилген натыйжалар менен тыянактар жетиштүү деңгээлде негизделген.

**Натыйжа 1.**

Негиздүү, анткени Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек аранын укуктук табияты жана маңызы, мамлекеттик чек ара түшүнүгү юридикалык адабияттарды, илимий изилдөөлөрдү, ченемдик-укуктук актыларды талдоонун негизинде иштелип чыккан.

**Натыйжа 2.**

Ишенимдүү жана негиздүү, себеби изденүүчү илимий ишинде чек ара коопсуздугун боюнча келтирилген аныктамада чек ара коопсуздугу мамлекеттик органдардын жана башка субъекттердин чек аранын чегинде чек ара коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы биргелешкен жана макулдашылган иш-аракеттеринин натыйжасында жетишилген чек ара зонасында реалдуу жана потенциалдуу тышкы жана ички коркунучтардан инсандын, коомдун жана мамлекеттин турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын коргоо экендиги тууралындагы бардык критерийлер эске алынган.

**Натыйжа 3.**

Негиздүү, себеби чек ара коопсуздугун камсыздоо тутуму боюнча юридикалык адабияттарды, чет элдик жана ата-мекендик тажрыйбаны талдоонун негизинде жана буга чейин иштелип чыккан конституциялык жоболордун, тыянактардын уландысына негизделет.

**Натыйжа 4.**

Илимий негиздүү, анткени колдонуудагы чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мыйзамдарды, илимий эмгектерди талдоо, мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан иш-аракеттерге, практикалык материалдардын натыйжаларына негизделет.

**Натыйжа 5.**

Негиздүү, себеби Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын мамлекеттик чек араны коргоо жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы ордун аныктап берген. Андан сырткары, чек ара кызматынын укуктук статусун аныктаган өзүнчө мыйзам кабыл алуу боюнча сунушун талдап аныктап берген.

**Натыйжа 6.**

Негиздүү, анткени, чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мамлекеттик органдардын конституциялык ыйгарым укуктарын жана милдеттерин жакшыртуу максатында иштелип чыккан.

**Натыйжа 7.**

Ишенимдүү жана негиздүү, анткени, автор тарабынан өлкөдө чек ара коопсуздугун натыйжалуу камсыздоо үчүн мамлекеттик чек аранын макамы жөнүндө, Чек ара кызматы жөнүндө мыйзамдарды жана Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу концепсиясы кабыл алуу жана ишке ашыруу максатында иштелип чыккан.

**Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө.**

Диссертациялык изилдөөдө келтирилген натыйжалар менен тыянактар ишенимдүү жана негиздүү экендиги колдонулган усулдук аппарат менен аныкталган.

**3.3. Иштин теориялык мааниси.**

Диссертациялык изилдөө темасы боюнча жарыяланган эмгектерде чек ара коопсуздугун камсыздоонун табияты ачыкталган, анын ишке ашыруу тажрыйбасы талданган, ошондой эле андагы бар болгон жетишкендиктерди өркүндөтүү жана чечилбей келе жаткан кемчиликтерди жок кылуу боюнча бир топ ой-пикирлер айтылып, конкреттүү сунуштар берилген. Каралып жаткан институт Кыргызстандын укуктук теориясы үчүн жаңы болгондугун эске алганда, изденүүчүнүн эмгектеринин жана жүргүзгөн илимий изилдөөсүнүн теориялык маанилүүлүгү чоң. Изилдөө ишинде келтирилген натыйжалар жана тыянактар чек ара коопсуздугун камсыз кылуу институтун андан ары изилдөө, ошондой эле бул тармакты жөнгө салуучу ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу үчүн методологиялык негиз болуп бере алат.

Мыйзамдарга өзгөртүү киргизүүдө, чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы окуу программаларын иштеп чыгууда колдонууга алынып, теориялык жактан салым кошот деп эсептейбиз.

**3.4. Кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине туура келүүсү**

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» аттуу темадагы юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунушталган Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин диссертациясы жаңы илимий багытты иштеп чыгуу болуп эсептелет. Жаңы илимий концептуалдык багытын иштелип чыгышы жана анын жыйынтыгы илимдин тиешелүү тармагында ири илимий жетишкендик болуп саналат. Диссертацияда камтылган тыянактар, практикалык сунуштамалар мамлекеттик чек ара маселелерин чечүүдө, мамлекеттик бийлик органдарынын укуктук макамын аныктоодо, тиешелүү мыйзамдарды иштеп чыгууда жана кабыл алууда колдонулушу мүмкүн.

Жаңылык деңгээлине карата диссертацияда келтирилген натыйжалар, тыянактар жаңы болуп саналат. Диссертациянын натыйжаларынын баалуулугу боюнча ал өтө жогору.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында алынган натыйжаларды жана алардын негизинде иштелип чыккан сунуштарды жалпы чек ара коопсуздугун камсыз кылууну жакшыртуу боюнча мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде пайдаланууга болот.

Изилдөөнүн жоболору «Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу», «Кыргыз Республикасынын административдик укугу» дисциплиналары жана башка атайын курстар боюнча окутуу процессинде, ошондой эле окуу жана окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси чек ара коопсуздугун камсыздоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүүнүн актуалдуу маселелерин чечүүгө багытталгандыгы менен аныкталат. Автор бир катар ченемдик укуктук актыларды, атап айтканда, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын макамы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу концепсиясы» кабыл алууну сунуштаган. Диссертацияда камтылган жоболор, тыянактар жана сунуштар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинде, мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу эл аралык келишимдерди даярдоодо, ошондой эле мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдарды жана жаңы ченемдик-укуктук актыларды даярдоодо, өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана маселелерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүүлөр:**

Жалпысынан диссертациялык изилдөө боюнча сын пикирлер жок. Бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгын белгилеп кетишибиз керек. Техникалык жана стилистик каталарды жоюу иштерин алып баруусу керек. Ошону менен бирге, келтирилген эскертүүлөр диссертациялык иштин жалпы сапаты менен мазмунуна шек келтирбейт жана сунуштама мүнөзүндө берилди.

**7. Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү Джумалиев Данияр Сардарбекович изденүүчү А.А.Алимбековдун кандидаттык диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

- **жетектөөчү уюм катары** Ош мамлекеттик университетинин Юридикалык

факультетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасы. Адреси: Ош шаары, Ленин көч., 331.

**- биринчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, доцент, Кыргызпатенттин алдындагы Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун аткаруучу директору **Токтогулов Алмаз Асылбекович**.

**- экинчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин кандидаты, доцент Кыргызстан Эл аралык университетинин "Юриспруденция жана Эл аралык укук" кафедрасынын доценти **Кожомбердиев Бакыт Кожомбердиевич**

**8. Сунуштар:**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тажрыйбасын жана аны жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны андан ары жакшыртуу үчүн каралып жаткан тема боюнча изилдөөлөрдү улантуу сунуштамасы берилет.

**9. Корутунду:** Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдеттерди чечүүгө багытталган илимий-квалификациялык иш болуп саналат.

Изденүүчү А.А. Алимбеков тарабынан алынган натыйжалар ички биримдик жана изилдөө темасынын алкагындагы өз ара байланыштар менен мүнөздөлөт.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына туура келет жана анын максаты жана милдеттери менен аныкталган. Бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштеги материалдарды жазуу логикалык ырааттуулук жана жыйынтыкталгандык менен коштолот.

Диссертацияда изденүүчүнүн юридика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрүүчү бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган. Изилденип жаткан тармактагы бар болгон көйгөйлөрдүн сунушталып жаткан жаңы чечимдери жана ыкмалары жетиштүү деңгээлде аргументтештирилген жана сынчыл көз караш менен бааланган.

12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» *аттуу темадагы* юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунушталган Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин кандидаттык диссертациясы мурда жакталган кандидаттык диссертациясынын материалдарын камтыбайт.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти Джумалиев Данияр Сардарбекович сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы

Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешине Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**юридика илимдердин доктору, доцент** **Д.С.Джумалиев**

**Кол тамгасын тастыктайм:**

**Окумуштуу катчы, ю.и.к.** **В.Ж.Сагыналиева**

«25» сентябрь 2024-ж.

В.Ж. Сагыналиеванын колун тастыктаймын
ОК-нын башчысы Исатаева Р.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ